
7

## Аңчылык өнөрү: Салбуурун

*Салбуурун Кыргыздарда эски аңчылык салты. Бул салтка жараша 40ка жакын киши аңчылыкка чыгышат. Мындан сырткары ар бир аңчынын өзүнчө милдети бар. Бирөөсү чабыттын изин аңдыса, башкасы бүркүттөрдү учтурат, дагы бири бул процесске кылдат байкоо салып турат.*



9



## Келбетти өзгөртүү менен өзүн өзгөрткүсү келгендер

*Мурдагы замандарда кандайдыр бир күтүлбөгөн кырсык аркылуу денедеги пайда болгон деформацияларды оңдоо, өзгөртүү максатында жасалган пластикалык операциялар азыркы учурда популярдуу маданияттын бир түрү катары карала баштады.*

10



## Мотоциклчен саякатчы

*Хакан Эриштин жылдык эмгек өргүүсү катардагы эс алууга такыр окшобойт. Банкта IT-адис катары эмгектенген Эриш эмгек өргүүсүндө мотоцикли менен Стамбулдан алыс жерлерге барып эс алат. Бул 28 жаштагы Эриштин бала кезинен берки кыялы экен.*


# ГЕЗИТИ Манас

КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИНИН СТУДЕНТТИК ПРАКТИКАЛЫК ГЕЗИТИ    ОКТЯБРЬ 2019 / САНЫ: 73    www.manas.edu.kg




# КТМУда 2019-2020-окуу жылынын ачылышы болду

*Үстүбүздөгү жылдын 30-сентябрында 2019-2020-окуу жылынын ачылышы болуп өттү.*


**Жаштардын жүрөк жылыткан иштери** 8

11 **Тукум курут коркунучунда турган жаныбарлар**



# КТМУда 2019-2020-окуу жылынын ачылышы болду

**Үстүбүздөгү жылдын 30-сентябрында 2019-2020-окуу жылынын ачылышы болуп өттү.**



КАБАР: МЕДИА МАНАС
ФОТО: ӨМЕР КУФРЕВИ

Жыйынга Түндүк Кипр Түрк Республикасынын Бишкектеги өкүлү Атынч Кескин, Түркия Республикасынын Билим берүү боюнча Бишкектеги катчысы Харун Каржы, Маданият жана таанытуу катчысы доц., докт. Нури Шимшеклер, Диний кызматтарынын катчысы Шемсеттин Үнал, Түркиянын Маариф фондунун Кыргызстандагы өкүлдөрү, КТМУ ректору проф., докт. Себахаттин Балжы, биринчи проректор проф., докт. Асылбек Кулмырзаев, окутуучулар жана студенттер катышышты.

Иш-чара эки өлкөнүн улуттук гимнинин жаңырышы менен ачылып, андан кийин университеттин ректору, профессор Себахаттин Балжы окуу жылынын өткөн семестрдеги жетишкендиктерине кеңири токтолду. КТМУнун мындан ары да туруктуу жана чечкиндүү өз ишин уланта берери менен сөзүн улаган ректор проф., докт. Себахаттин Балжы: «Кыргызстандын эгемендүүлүгүнөн кийин эки бордош мамлекеттин ортосунда курулган университетибиз мындан ары олуттуу долбоорлорун аткарып, алдына койгон максаттын үстүндө өз ишин уланта бермекчи. Ал максат, биринчиден, Кыргызстандын муктаждыктарына ылайык, өлкөнүн өнүгүшүнө салымын кошо турган адистерди даярдоо иши, өз мамлекетин сүйө билген, үй-бүлөлүк жана патриоттук баалуулуктарына ээ болгон муундарды өстүрүү. Бүгүнкү күндө КТМУнун бүтүрүүчүлөрү бул өзгөчөлүктөрүн эң жогорку деңгээлде өздөштүрүшкөн. Алар дүйнөнүн 5 континентинин 42 мамлекетинде ийгиликтүү иштеп жаткандыгы менен биз өтө сыймыктанабыз. Бул КТМУнун билим берүүдө маркага айлануу максатын ишке ашырууда»,- деп айтты. Андан ары ректор КТМУнун келечектеги 2023-жылга койгон максаты – Борбордук Азияда эң сапаттуу билим борборуна айлануу экенин да кошумчалай кетти. Ошондой эле 2010-жылдан берки университеттин стратегиялык планына ылайык, иш-чаралары жана сапатты жакшыртуу боюнча иш-аракеттери тууралуу да айтып өтүп, университеттин профессордук-окутуучулук курамы менен студенттерди жаңы 2019-2020-окуу жылынын ачылышы менен кызуу куттуктап, аларга бейпилдик жана ийгиликтерди каалады.

Ал эми университеттин биринчи проректору, профессор А.Кулмырзаев: «30-сентябрь «Манас» университетинин түзүлүш күнү менен кошо дал келген жаңы окуу жылы кут болсун. Ар бир жыл өзүнүн жаңы жаңылыктары менен келип, жаңы максаттарды алдыга коёт. 2018-2019-окуу жылы да жакшы жаңылыктар менен эсте калды. Мындан аркы максатыбыз эл аралык деңгээлге жетүү болуп саналат. Андыктан, биз бул жылы мурунку жылдардан да бийик максаттарды алдыга коюп, жаңы иштердин үстүндө иштейбиз»-деп, билим берүүнүн сапатын дагы да жогорулатып, жаңы программаларды ишке ашыруу, сандык эмес, сапаттык деңгээлге чыгуу зарылдыгын айтып, окуу жылынын башталышы менен окуу жайдын жамаатын куттуктады.

Ачылыш сөздөрүнөн кийин Инженерия факультетинин деканы, профессор Жошкан Ылыжалы "Профессордук-окутуучулук курам деген эмне?" деген темада 2019-2020-окуу жылынын алгачкы ачык сабагын өттү.

# Академиялык жалпы жыйын Ахмет Ясавини эскерүүгө арналды




**Үстүбүздөгү жылдын 26-сентябрында 2019-2020-окуу жылынын I Академиялык жалпы жыйыны болуп өттү.**



КАБАР: МЕДИА МАНАС
ФОТО: ӨМЕР КҮФРЕВИ

Жыйын Ахмет Ясавини эскерүүгө арналды жана жыйындын күн тартибинде 2018–2019-окуу жылынын күзгү семестри боюнча отчет жана анализдер, 2019–2020-окуу жылынын жазгы семестрине карата даярдыктар жана перспективалар, 2019–2020-жылдар үчүн университеттин стратегиялык планына ылайык иш-чаралары жана сапатты жакшыртуу боюнча иш-аракеттердин тегерегинде маселелер каралды.

Программага ылайык Теология факультетинин профессору Мустафа Чакмакоглу "Алгачкы улуу түрк сопусу катары таанылган Хожа Ахмет Ясавинин диний түшүнүгү" деген темада баяндама жасады.

Университеттин биринчи проректору, профессор А.Кулмырзаев: «Ар бир жыл өзүнүн жаңы жаңылыктары менен келип, жаңы максаттарды алдыга коёт. 2018-2019-окуу жылы да жакшы жаңылыктар менен эсте калды. Мындан аркы максатыбыз эл аралык деңгээлге жетүү болуп саналат. Андыктан, биз бул жылы мурунку жылдардан да күчтүү максаттарды алдыга коюп, жаңы иштердин үстүндө иштейбиз»-деп, билим берүүнүн сапатын дагы да жогорулатып, жаңы программаларды ишке ашырабыз, сандык эмес, сапаттык деңгээлге чыгабыз деген оюн билдирип, окуу жылынын башталышы менен окутуучулук-профессорлук жамаатты куттуктап өттү.

Андан кийин университеттин ректору, профессор Себахаттин Балжы 2010-жылдан берки университеттин стратегиялык планына ылайык, сапатты жакшыртуу боюнча иш-аракеттери тууралуу айтып, жакынкы убакытта ишке ашыра турган максаттардын бири университетти санариптештирүү ишин аягына чыгаруу экенин билдирди. Ошондой эле КТМУнун билим берүү тармагындагы орду жана келечек 2023-жылга койгон максаты Борбордук Азияда эң сапаттуу билим борборуна айлануу экенин кошумчалап, университеттин профессордук-окутуучулук курамы менен студенттерди жаңы 2019-2020-окуу жылынын ачылышы менен куттуктап, бейпилдик жана ийгиликтер болушун каалады.

Ачылыш сөздөрүнөн кийин жаңыдан илимий наам алган окутуучуларга мантия кийгизилип, жыйын эстеликке сүрөткө түшүү менен жыйынтыкталды.

# КТМУ иш сапары менен келген конокторун тосуп алды

**Үстүбүздөгү жылдын 24-сентябрында Түркия Республикасынын Маданият жана туризм министринин орун басары Сердар Чам жана Дүйнөлүк этноспорт конфедерациясынын төрагасы Нежметтин Билал Эрдоган университетке иш сапары менен келди.**




Жолугушууга Кыргызстандагы ТР элчиси Женгиз Камил Фырат, Түркия Парламентинин Эрзурумдагы депутаты Зехра Ташкесенлиоглу Бан, Ибн Халдун университетинин Камкорчулар кеңешинин төрагасы, профессор Ирфан Гүндүз, ТИКАнын Бишкектеги координатору Али Муслу, Кыргызстандагы Ахыскалык түрктөр коомунун төрагасы Атамшах Дурсунов жана түркиялык инвестор Айдын Мастачоглу да келген.

Жолугушууда окуу жайдын ректору, профессор Себахаттин Балжы жана биринчи проректору, профессор Асылбек Кулмырзаев конокторго ыраазычылыгын билдиришти. Ал эми келген коноктор университет тууралуу жылуу пикирлерин ортого салышты.

**Өнүгүүнүн жолундагы университет**

Министрдин орун басары Сердар Чам: «КТМУ Түрк жана Ислам дүйнөсүндө сап башында турган университет болушу үчүн өтө көп иш-аракеттер жүргүзүлүп келатат. Университетти жыл сайын жаңы бийиктиктерден көрүү бизди абдан кубандырат. КТМУ көп тил билген, туризм, маданият жана искусство тармагына керектүү жаштарды тарбиялып чыгарууда»-деп, андан ары Түркиянын туризминин 2023-жылга чейинки максаттары тууралуу кепке өттү: «Түркияда жумушсуздук маселеси жок. Бирок, жогорку квалификациялуу жана тажрыйбалуу адистерге муктаждык бар. Бул боюнча Түркия туризмин таанытуу жана өнүктүрүү агенттиги түзүлдү. Түркия туризми 2023-жылга койгон максатына ылайык 70 млн. туристтен 65 млрд. доллар киреше табуу үчүн учурда инвестициялар салынууда. Билим берүү министрлиги жана Жогорку билим берүү комитети менен биргеликте бир нече келишимдерди түздүк. Билим алып жаткан студенттердин чет тилдерди үйрөнүүсү, өндүрүштүк практикадан өтүү жана тажрыйба топтоосуна мүмкүнчүлүктөрдү түзүп жатабыз».

Мындан тышкары ал КТМУнун билим берүү тармагындагы ордун жана анын келечекте 2023-жылга карата Борбордук Азияда жогорку сапаттагы билим берүү борборуна айлануу максатын көздөгөнүн кошумчалады.

**«Манас» - эки өлкө ортосундагы данакер**

Дүйнөлүк этноспорт конфедерациясынын төрагасы Нежметтин Билал Эрдоган КТМУ эки өлкө мамилелеринин данакери экендигин белгилеп өттү.

«Түркия менен Кыргызстандын мамилелеринде кандайдыр бир маселе орун алса, университет тең салмактуулукту сактай турган эң олуттуу элемент. Ошондуктан баарыңыздарга ыраазычылык билдирем. Сиздерди көргөнүмө абдан кубанычтамын. Ишиңиздерге ийгилик каалайм»,-деди.

**Эң чоң байлык – өлкөнүн билимдүү адамдары**

Ибн Халдун университетинин Камкорчулар кеңешинин төрагасы, профессор Ирфан Гүндүз уран, нефть, жаратылыш газы байлык эмес, чыныгы байлык өлкөнүн билимдүү адамдары экендигин баса белгиледи. Адамды тарбиялоого багытталган ыйык милдетти аркалаган КТМУга ар дайым колдоо көрсөтө тургандыгын баса белгиледи.

**Сапаттуу кадрларды тарбиялаган окуу жай**

Түркия Парламентинин Эрзурумдагы депутаты Зехра Ташкесенлиоглу Бан КТМУ Түркиянын жана Кыргызстандын келечеги үчүн сапаттуу кадрларды тарбиялоодо олуттуу иштерди аткарып жатканына жана Президент Режеп Тайып Эрдогандын иш сапары университеттин кадыр-баркын бир топ жогорулаткандыгына токтолду.

Жолугушуу конокторго белек берүү жана эстеликке сүрөткө түшүү менен жыйынтыкталды.

# Окуу жайдын жетекчилери жаңы келген окутуучулар менен жолугушту

**Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин (КТМУ) ректору проф.докт. Себахаттин Балжы жана биринчи проректор, проф.докт. Асылбек Кулмырзаев Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин жамаатына жаңы кошулган академиялык кызматкерлер менен жолукту.**




КТМУга 2019-2020-окуу жылында Түркиянын 13 университетинен 6 профессор, 6 доцент жана 5 доктор келген. Үстүбүздөгү жылдын 13-сентябрында Ректорлуктун окумуштуулар кеңеши залында өткөрүлгөн жыйынга университеттин факультет декандары, жогорку мектептин мүдүрлөрү да катышты.

Жолугушуу университеттин таанытуу фильми жана «Көчмөндөр оюну» тасмасынын көрсөтүлүшү менен башталды. Андан соң сөзгө чыккан КТМУнун ректору профессор Себахаттин Балжы 2010-жылдан берки статистика боюнча университетке ушул күнгө чейин 39-беренеге ылайык, 63 университеттен 217 окутуучу келгендигин айтты.

Ректор, профессор С. Балжы Түркия Республикасынын көрсөткөн колдоосу менен университеттин баалуулугун арттыруу жана кызмат көрсөтүү максатында ар кайсы убактарда келген мугалимдерди кучак жайып тосуп алган, аларга Кыргызстанда өз үйүндө жүргөндөй сезимдерди жараткан кыргыздарга ыраазычылыгын билдирди.

Ошондой эле ректор жаңы келген окутуучулук курамдан үмүтү чоң экендигин белгилеп өтүп, Түркия атайын көңүл бөлүп, каржылык жактан колдоо көрсөтүп жөнөтүп жаткан окутуучулардын алдындагы өзгөчө милдеттерге кенен токтолду: "Сиздер Түркия Республикасын таанытып жүрөсүздөр. Муну эч качан эсиңиздерден чыгарбаңыздар. Ар бириңиздердин жеке ысымыңыздар бар, бирок анын эң башында Түркиянын атуулу деген ысым бар. Сиздер Түркияны таанытып адамсыздыр. Ошондуктан бул ысымды сыймык менен татыктуу алып жүрүшүңүздөргө тилектешмин», -деди.

Ал эми биринчи проректор, профессор А. Кулмырзаев бул жылы КТМУнун 24 жылдыгы куттуктала турганын, бул кыска мезгил аралыгында көп иштер ишке ашып, университет узун жолду басып өткөнүн, Түрк дүйнөсүнүн жаштарына учур талабына ылайык деңгээлде билим алуу зарылдыгын, орток тарыхын, маданиятын, баалуулуктарын таанып-билүүсүндө аларды окуткан окутуучулардын алдында чоң милдет тургандыгын белгилеп өттү. Биринчи проректор, профессор А. Кулмырзаев академиялык жана административдик кызматкерлер менен студенттердин биргелешип жараткан ийгилигин жаңы келген окутуучулук курамдын улантаарына, максаттарга жетүүдө алардын да салым кошооруна ишенерин айтты.

Мындан тышкары ректор, профессор С. Балжынын университеттин акыркы 10 жыл ичиндеги жетишкен ийгиликтери тууралуу жасаган презентациясы көрсөтүлүп, академиялык шыктандыруу тууралуу маалыматтар берилди. Жыйын «Манас» жамаатына келген жаңы академиялык курамдын мүчөлөрүнө значок тагуу менен жыйынтыкталды.

# Жаш түркологдор «Манаста» жолугушушту



КАБАР: МЕДИА МАНАС
ФОТО: ӨМЕР КҮФРЕВИ

**23-24-сентябрь күндөрү Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде Түрк тил коомунун колдоосу менен Жаш түркологдордун VIII эл аралык симпозиуму болуп өттү.**

Симпозиум быйыл "Кутадгу билигдин" 950 жана Кыргыз мамлекеттик тил мыйзамынын 30 жылдыгына арналды.

Симпозиумдун негизги максаты түркология багытындагы жаш илимпоздордун бири-бири менен таанышуусун, академиялык турмушка аралашуусун, ошондой эле өз ара пикир алышуусун камсыз кылуу, тил илими, адабият, фольклор, тарых, этнография, археология, философия жана тил үйрөтүү сыяктуу түркологияның негизги маселелери боюнча келечекте олуттуу эмгектерди жаратууга түрткү берүү, тажрыйбалуу окумуштуулардын жолун уланта турган жаш түркологдорду тарбиялоо жана илимий өнүттөн калыптануусунда аларга жардам көрсөтүү болуп саналат.

Бул жылы симпозиумга катышууга жүздөн ашык кайрылуу болуп, алардын ичинен 43 илимий макала тандалып алынды. Кыргызстандан – 25, Түркиядан – 5, Азербайжандан – 4, Казакстандан – 3, Өзбекстандан – 4, Түндүк Кипр-Түрк Республикасынан – 2 жаш түркологдор катышты.

Иш-чаранын ачылышында түркология бөлүмүнүн башчысы, доцент Бурул Сагынбаева аталган симпозиум 2007-жылы ачылып, учурда эл аралык деңгээлге көтөрүлгөндүгү тууралуу маалымат берди:

"Ар бир симпозиум түрк дүйнөсүндөгү чыгаан инсандарга, тарыхый окуяларга, белгилүү чыгармаларга арналып өткөрүлүп келе жатат. Азыркы өткөрүлүп жаткан симпозиумубуз түрк дүйнөсүнүн чыгаан ойчулу, даанышман-акын Жусуп Баласагындын "Кутадгу Билиг" чыгармасынын 950 жылдыгына жана Кыргыз мамлекеттик тил мыйзамынын 30 жылдыгына арналып жатат. Бүгүнкү күнү "Кутадгу Билиг" чыгармасынын 950 жылдыгы Түрк дүйнөсүндө эки жерде белгиленүүдө. Бири - Түрк тили уюму тарабынан Түркияда, ал эми экинчиси - КТМУда. Симпозиумдун максаты - илимге келген жаштарга багыт берүү жана улуу муундун эстафетасын алып кетүү, жаш окумуштууларды бириктирүү. Быйыл симпозиумга катышууга жүздөн ашык кайрылуу болуп, алардын ичинен 43 илимий макала тандалып алынды. Кыргызстандан – 25, Түркиядан – 5, Азербайжандан – 4, Казакстандан – 3, Өзбекстандан – 4, Түндүк Кипр-Түрк Республикасынан – 2 жаш түрколог катышып жатат", -деп жаш окумуштууларга ийгилик каалады.

КТМУнун ректору профессор Себахаттин Балжы: «Кыргыз-Түрк «Манас» университети 24 жыл ичинде бир топ жетишкендиктерге жетишти. Азыркы күндө 8400 ден ашуун бүтүрүүчүбүз бар. Учурда бүтүрүүчүлөрүбүз дүйнөнүн 5 континентинде, 39 мамлекетинде ийгиликтүү иштеп жатышат. Айрымдары өз иш мекемесин ачып, башкаларга иш берүүдө. Мунун өзү "Манас" университетинин эл аралык деңгээлде билим берип, мыкты адистерди даярдап жатканынын көрсөткүчү. "Манас" университети «Алтын көпүрө» болуу миссиясын жана эки өлкө ортосундагы достукту, бир туугандыкты бекемдөө жоопкерчилигин татыктуу аткарып келе жатат десек жаңылышпайбыз. Биз өзгөчө негизги көңүлдү жалпы адамзатка кызмат кыла турган келечек инсандарын тарбиялоого бурабыз. Жаштар өздөрүнүн тарыхын жана маданиятын жакшы билүүлөрү керек. Улуттук баалуулуктарыбызды билиши керек. Ата-бабаларыбыз эбегейсиз бай мурастарды калтырып кеткен. Ал улуу инсандарды сыймыктануу жана урматтоо менен эскерип жүрөбүз. Биздин жаштар Махмуд Кашгари, Жусуп Баласагын, Мевлана, Юнус Эмре ким экенин билиши керек. Ошондой эле Чыңгыз Айтматов, Мехмет Акиф Эрсой, Нежип Фазыл, Кысакүрек жана башкалар. Бабаларыбыз калтырып кеткен баа жеткис мурастарды таанып билүүдө, албетте тарых жана түркология илими сөзсүз керек. Бул жаатта "Манас" университети өзүнүн миссиясына, көздөгөн максатына ылайык эл аралык симпозиум, конференция, семинар жана башка илимий жыйындарды өткөрүп турат. Жалпы эле түрк дүйнөсүндөгү илимге дилгир жаштардын бири-бири менен таанышуусун, академиялык чөйрөгө аралашуусун, илимий пикир алмашуусун камсыз кылуу максатында уюшулган бул симпозиум да өз максатына жетет деп ишенем. Жаштарга ийгилик каалайм", -деди.

Андан кийин Түрк тили уюмунун төрагасынын орун басары, профессор Фейзи Эрсой: «Өзүңүздөр билгендей эле, түрк эли тарыхка басым жасаган элдерден. Эгер бизди тарых барактарынан өчүрсө, анда дүйнө тарыхынын маанилүү бөлүгү бош калат. Түрк элдерисиз кытай, моңгол, араб же Европа тарыхын да элестетүүгө мүмкүн эмес. Себеби дүйнө тарыхында өтө көп баалулуктарыбыздын изи бар. Алардын бири – тилибиз. Эң маанилүү чыгармалардын бири – "Кут алчу билим" чыгармасы болуп эсептелет. Мына бүгүн анын жазылгандыгынын 950 жылдыгын белгилеп жатабыз. Кээ бир улуттар өздөрүнүн чыгармаларынын 200-300 жылдыгын белгилеп жатышса, биз түрк аалымынын эмгегинин жаралышынын 950 жылдыгын белгилеп жатабыз. Ал эми Орхон жазууларына 1300 жыл болду. Тилибиздин тарыхы андан да узак жылдарга барат. Бирок, тилекке каршы, колубузда эмгектер жана далилдер жок. Эсиңиздерде болсо керек, "Кут алчу билим" чыгармасы «Аллахтын аты менен баштадым» деген сап менен башталат, бул деген «Бисмиллах» сөзүнүн түркчөсү. Бүгүнкү күнү бул эмгек дүйнөнүн көптөгөн тилдерине которулду. Түрк тили уюму дагы «Кут алчу билимге» байланыштуу түрдүү басылмаларды чыгарууну уланта бермекчи. Симпозиумдун жемиштүү болуусун жана жаш окумуштууларга ийгилик каалайм »,-деп сөзүн жыйынтыктады.

КТМУнун гуманитардык факультетинин деканы, профессор Лайли Үкүбаева: "Бүгүн Кыргызстанда кош майрам өтүп жатат. Бүгүнкү күнү кыргыз тилинин 30 жылдыгын майрамдап жатабыз. Чындыгында кыргыз тили түрк элдеринин эң байыркысы. Бүгүнкү күнгө чейин дүйнөлүк маданияка салым кошкон элдик оозеки чыгармалардын туу чокусу катары эсептелген "Манас" эпосун жеткирген тил болуп эсептелет. Кыргыз тили оор жолду басып өттү. Советтер Союзунун учурунда тилчилердин статистикасы боюнча 197 тилден 97си гана калган экен. Кыргыз тили ошол 97 тилдин ичине кирет. Бул кыргыз тилинин улуулугун, түбөлүктүүлүгүн билдирет. СССР учурунда кыргыз тили экинчи, үчүнчү планда калып калган. Кудайга шүгүр, азыркы күндө кыргыз тили жакшы абалда. Тилдин жоголуп кетпеши үчүн ошол тилди колдонуу керек. Жаштарга айтарым, башка тилдерди канчалык жакшы көрсөңөр да, эне тилиңер болгон кыргыз тилин сүйгөнүңөрдөн жаңылбагыла", - деди.

Ачылыш сөздөрүнөн кийин "Жаш түркологдордун VIII Эл аралык симпозиумунун" пленардык отуруму ачылып, ага Түрк тили уюмунун орун басары, профессор Фейзи Эрсой модераторлук кылды. Биринчи отурумда Ататүрк университетинен профессор Осман Мерт «Жусуп Баласагын жана Кут алчу билим», Режеп Тайып Эрдоган университетинин окутуучусу, профессор Орхан Кемал Тавукчу «Кут алчу билимдин түрк маданияты тарыхындагы орду жана мааниси», Фырат университетинен профессор Эсма Шимшек жана Стамбул Маданият университетинен профессор Якуп Челик баяндама жасады.

Эки күнгө созулган симпозиумга республиканын ар кыл аймактарынан жана чет элдерден келген жаш түркологдордун илимий докладдары окулду жана өз ара пикир алышып талкуулашты.

Жыйынтыгында Жаш түркологдордун эл аралык VIII симпозиумунда төмөндөгү чечимдер чыгарылды:

1. Жаш түркологдордун изилдөө борборун уюштуруу – Кыргыз-Түрк "Манас" университети;

2. Жаш түркологдордун симпозиумуна түрк тилдүү элдердин жана мамлекеттердин катышуусун камсыз кылуу;

3. Түрк дүйнөсүнүн актуалдуу маселелеринин изилдөө обьектисине алуу;

4. Жаш түркологдордун симпозиумун үч жылда бир өткөрүү.

# “Манаста жүзүм жыйноо” фестивалы өттү

**Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде 5-сентябрь күнү “Жүзүм жыйноо фестивалы” болуп өттү. Фестиваль айыл чарба факультетинин деканаты тарабынан уюштурулган. Ага университеттин ректору, профессор Себахаттин Балжы, Айыл чарба факультетинин деканы профессор Мустафа Паксой, окутуучулар жана студенттер катышты. менен Иш-чара айыл чарба факультетинин лабораториялык бакчасында өткөрүлдү.**



КАБАР: МЕДИА МАНАС
ФОТО: ӨМЕР КУФРЕВИ

Фестивалда окуу жайдын ректору, профессор Себахаттин Балжы университетте окуп жаткан студенттерди сурамжылоодо «окуу практика менен айкалышта болсун» деген талап көп айтылган, бул жүзүм жыйноо иш-чарасы ошол талапка ылайык маанилүү иш тажрыйбасынын бир мисалы экендигин белгиледи. «Практика өтөө бир ишти кол менен жасап көрүп такшалуу дегенди билдирет. Айыл чарба факультетинде практикалык иштер абдан көп аткарылып жүрөт. Студенттер мындай практикалык тажрыйбадан теориялык билимди иш жүзүндө колдонуп көрүп, көнүгүп, машыгып, чоң тажрыйбадан өтүп жатышат. Бүгүнкү саамалыктан кийин жаштардын арасынан «Мен жүзүм өстүрө алам» дегендер чыгышы керек. Өз жеринде жүзүм багын тигип, андан киреше таба тургандай деңгээлде үйрөнүп чыгышы шарт. Негизги максат – өз эмгегиңден баар тапканыбыз. Айыл чарба факультети эмгектин акталышына көмөкчү болгон кесиптердин бири. Ошондуктан студенттерибизге ишеним менен, чоң максат менен жакшы жыйынтыктарга жетишип, берекелүү түшүм алууларын каалаймын»,-деди.

Андан соң айыл чарба факультетинин деканы, профессор Мустафа Паксой студенттер теория менен катар окуу-өндүрүштүк практикаларды жүргүзүп жатышынына, көп түшүм бере турган өсүмдүктөрдү өстүрө башташканына жана Кыргызстанда биринчилерден болуп жогорку деңгээлде коргоочу техникаларды колдонуп жатышканына кеңири токтолду.

Аталган факультетте студенттер сапаттуу билимге ээ болушу үчүн өндүрүштүк техникалык практикаларга чоң маани берилет. Бул практикалык иштер факультетте окулган теориялык лекциялар менен айкалышта жүргүзүлөт. Бул үчүн факультеттин инфраструктурасы катары жемиштер аянты, жүзүм багы, коопдук үчүн өсүмдүктөр, күнөсканалар жана лабораториялар бар. 2017-жылы курулган жүзүм плантациясында Түркия, Украина, Түркменистан, Россия, Азербайжан, Казакстан, Тажикстан жана Кыргызстандан алып келинген жүзүмдүн 35 түрү отургузулган.

# Маалымат технологиялары форуму Кыргыз-Түрк “Манас” университетинде болуп өттү




**24-сентябрда Кыргызстандагы маалымат технологияларынын (КИТ-2019) жетинчи форуму Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин имаратында болуп өттү.**

Эки жылда бир өткөрүлүп келе жаткан бул иш-чара Маалымат технологиялары жана байланыш комитети менен Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан “Санарип мен. Санарип Кыргызстан. Санарип бол!” ураан астында уюштурулду.

Аталган форумдун уюштуруучуларынын айтымында, иш-чарага 2 миңге чукул катышуучу, ошондой эле Россия, Казакстан, Украина, Финляндия жана АКШдан келген маалымат технологиялары жаатындагы алдыңкы адистер катышты.

Форумдун расмий ачылышы маалымат технологиялары чөйрөсүндөгү жетишкен ийгиликтери үчүн сыйлыктарды тапшыруу аземи менен башталды. Маалымат технологиялары жана байланыш комитетинин төрагасы Дастан Догоев ачылыш сөзүндө КИТ-2019 форуму, Кыргызстанда, деги эле дүйнө жүзү боюнча маалымат технологиялары чөйрөсүндөгү акыркы жетишкендиктерди көрүү мүмкүнчүлүгүн берген маанилүү окуя экендигин баса белгилеп өттү.

КИТ-2019 форумунда кибер коопсуздук жана жеке маалыматтарды коргоо сыяктуу бир катар маселелер талкууланып, анын алкагында мастер класс жана тегерек столдор өткөрүлдү. Катышуучулар үчүн да интерактивдүү программалар даярдалып, каалоочулар үчүн веб сайт жасоо тууралуу сабактар, PUBG оюнуна катышып, белектерди утуп алуу мүмкүнчүлүгү түзүлдү.

КИТ-2019 форумунун уюштуруучуларынын айтымында, кезектеги маалымат технологиялык форуму 2021-жылы болуп өтүүсү пландалууда.

# Аңчылык өнөрү: Салбуурун

***Салбуурун Кыргыздарда эски аңчылык салты. Бул салтка жараша 40ка жакын киши аңчылыкка чыгышат. Мындан сырткары ар бир аңчынын өзүнчө милдети бар. Бирөөсү чабыттын изин аңдыса, башкасы бүркүттөрдү учтурат, дагы бири бул процессте кылдат байкоо салып турат.***

КАБАР:
АЙГЕРИМ КАЧКЫНБЕКОВА



Мергенчилик – алгачкы доордогу адамдардын азык табуу үчүн колдонгон эң маанилүү ыкмаларынан болуп саналат. Көчмөн кыргыз элинин мергенчилик тарыхынын башаты эзелки замандарга чейин барат. Кыргызстанда табылган алгачкы доорго таандык таштарга түшүрүлгөн сүрөттөр (петроглифтер) мергенчиликтин алгачкы белгилерине кирет. Бул сүрөттөрдө кыргыздардын атка минген, ок аткан, бүркүт жана тайган менен кошо ууга чыккан учурлары чагылдырылган. Салбуурун – мергенчиликтин бир түрү. Муну «Манас» эпосундагы «Ит агытып, куш салып, салбуурундап жер чалып, мээлей кийип боо тагып, Салбуурунга аттанып» деген саптары да далилдеп турат.

Салбуурунда 40тай кишиден турган топ бир канча күн бою мергенчиликке чыгат. Алгачкы доордо ири жаныбарларга аңчылык кылуу көпчүлүктүн күчүн талап кылган. Согуш жана табигат кырсыктарынан запкы жеген көчмөн калктар көбүнесе ушу салбуурундун жардамы менен жан сакташкан. Негизи кыргыздар салбуурундун үч максатта колдонуп келишкен.

Биринчиден, бүркүттөрдү тарбиялап, алар менен кошо ок атышып ууга чыгуу жакырчылык жана ачарчылыкта азыктанууну камсыз кылган. Экинчиден, салбуурун көчмөн калктардын маданий жана жоокердик системасын үйрөнүүгө жана колдонууга мүмкүнчүлүк берет. Андыктан жаш мергенчилер тайган, бүркүт агытып, аңчылыкка чыгып, жаныбарларды кармоо үчүн ар түрдүү тактикаларды колдонушат. Ошентип жоокердик машыгуу стратегияларын да өздөштүрүп алышат. Үчүнчүдөн, салбуурун оюн-зоок жана спорттук иш-чара катары колдонулат. Мисалы, тарыхый булактарга караганда Чыңгыз хан, Абылай хан, Батый хан, Ормон хан жана Боромбай Бек салбуурунду спорт жана көңүл ачуу максатында колдонушкан. Анын үстүнө дастандарда көп кишиден турган топтордун атка минип, зурна тартып, барабанды чалып, салбуурундап олжо менен кайтышкандары, башчыларын кармап алган жаныбарлардын терилери менен сыйлашкандары чагылдырылган.



### Биринчи кар жааганда салбуурун башталат

Санжырачы Амантур Тентиевдин айтымына караганда, салбуурун бир гана кыргыздарга таандык эмес, кыргыз, казак, тыва, бурят жана моңол сыяктуу түрк тилдүү элдеринде да өкүм сүрөт. Казак менен кыргыздарда салбуурун салтынын көп окшоштуктары бар. Эки элде да салбуурунга 40ка жакын киши катышат жана он күндөн ашык созулат.

А.Тентиев салбуурунга чыгуудан мурун тегеректеги коңшу айылдардын аңчыларына кабар берилерин жана кыштын биринчи күндөрүндө өзгөчө биринчи кардын жаашы менен салбуруундун башталарын айтты. Салбуурундун эрежелерин Тентиев мындайча түшүндүрдү: «Салбуурунчулардын экөө же үчөө мыкты аңчы, башка бирөөсү болсо тажрыйбалуу бүркүтчү болуп мергенчи тобунун башчысы болот. Аксакалдар болсо, салбуурунчуларга жолдору ачык болсун деп батасын беришет».

А. Тентиевдин айтымында, бул аңчылардын акылы абдан курч болот, алар аңчылыктын ар бир майда-чүйдөсүнө чейин эсептеп алышат. Мисалы, тоо эчкисин кармоо үчүн салбуурунчулар жаныбарлардын басып өткөн жолун кыскартып отуруп алышат. Ал тургай отурган жерлерин да соккон шамалга жараша белгилешет. Себеби жаныбарлар аңчылардын жытын шамал менен сезип алышы мүмкүн. Топтун ичинен бирөө жаныбарларды жытындан таап аларды күтүп аткан топту көздөй айдай баштайт. Эгерде тоо эчкилери же маралдар көзгө көрүнбөс аймакка качышса, тайгандар жардамга келишет. Ошентип аңчылар акыры максатына жетишет.

Салбуурунда атайлап картаң жана эркек жаныбарлар аңчыланат. Кармалган эликтердин жүрөгү, өпкө-боорлору тазаланып, жаныбардын курсагына сары май куюлат, ошентип аңчынын баштыгында эт бышып калат. Калган аңчылар болсо тоо эчкиси же маралдардын этин терилерине ороп алып келишет. Салбуурунчулар кайтуу жолунда жолуккан кишилерге аңчы белеги катары жилик же болбосо мүйүз беришет. Бул белек «сыралга» деп аталат. Жада калса үйгө жеткиче аңчылар баштыктары бошоп калышы да толук ыктымал. Салбуурунчулар кармап келген чабытын тең бөлүшүп, эт бышырып, кошуналарын чакырышат.

### Салбуурун федерациясы

2006-жылы Алмаз Акуновдун демилгеси менен XXI кылымда унутулуп бараткан аңчылык өнөр салбуурунду кайрадан жандандыруу аракеттери башталган. А.Акунов салбуурунду элге таанытуу жана активдүү спорт түрүнө айландыруу максатында Салбуурун федерациясын түзгөн. Учурда бул федерациянын арты менен улуттук баалуулуктар жана салттардын өнүгүүсүнө эбегейсиз салым кошулуп, этно-спорттук оюндары, ошондой эле «Салбуурун адамдардын ортоk маданияты» аттуу иш-чаралар 15 мамлекетте уюштурулуп келатат. Алгачкы жолу салбуурун 2016-жылы Дүйнөлүк Көчмөндөр Оюндарында көрсөтүлдү.

Салбуурун федерациясынын иш-чараларына мамлекет да, жеке адамдар да колдоо көрсөтүп турат дейт А.Акунов. «Бизге материалдык жана рухани колдоо көрсөткөн кишилер болобу, уюмдар болобу, алар менен дайыма кызматташып келебиз. Төрт жылда бир салбуурундун эрежелерин кайра карап чыгып, өзгөртүп түздөп турабыз», - деп кошумчалады ал.

Салбуурун федерациясы билдиргендей, салбуурун курамында бүркүт салуу, далба ойнотуу, 350 метрдик тайгандардын жарышы, алыстыкка жаа атуу жана атка минүү сыяктуу өнөрлөрү бар. Азыркы күндө федерацияда 50 бүркүтчү менен бирге ок атуучу, тайганчы жана мүнүшкөрлөр болуп, жалпысынан 200 мүчө эмгектенүүдө. Учурда федерациянын мүчөлүгүнө кирүүнү каалаган кандидаттар федерациянын эрежелери менен таанышып, иш-чараларга катышып жатышат.

# Жаштардын жүрөк жылыткан иштери

***"Жаш волонтерлор – таза жүрөктөрдүн дүйнөсү" коомдук бирикмеси 2014-жылдын сентябрь айында Казакстандын Кыргызстан менен чектешкен аймагы Кордайда 15 мектептин окуучулары тарабынан түзүлгөн. Бирикменин мүчөлөрү жалаң жаш жеткинчектерден турат. Бирикме түзүлгөн күдөн тарта кароосуз калган жана оорукчан карыялар менен бирге айлана-чөйрөнү тазалоо жана табиятка кам көрүү иштерин үзгүлтүксүз аткарып келатышат.***

**"Элге пайдабыз тийсе дейбиз..."**

Коомдук бирикменин негиздөөчүсү 16 жашар Алина Сатылганова деген кыз. Ал бирикменин кандайча уюшулганын айтып берди: "Өзү элге жардам берип, бирөөгө пайдам тийсе, ошондон аябай ырахат алчумун. Тегерегимдеги чоң адамдарга да, жаш балдарга да колумдан келген жардамымды аячу эмесмин. 2014-жылы сентябрда досторум менен бирге "Жаш волонтерлор – таза жүрөктөрдүн дүйнөсү" аттуу коомдук бирикме түзөлү дедик. Үйүмдөгүлөр да бул бирикмени түзүүмө, анын негизинде пландарымды ишке ашырууга ошондо чоң колдоо көрсөтүштү".

Мен совет мезгилиндеги өтө көп болгон жардам иштерди аткарган уюмдардын ишине таасирлене берчүмүн. Ошентип бир күнү ошол таасирлерден улам ушул бирикмени негиздеп алдык дейт Алина: «Бирикмени 2014-жылы сентябрда адамдарга жана биз жашаган айлана-чөйрөгө пайда келтирүү максатында уюштургандбыз. Карыларга, майыптарга колдон келген жардамды аябоого, ошондой эле жаратылышты таза кармоого башкалардын көңүлүн бурдургубуз келет».

Азыркы учурда 15 мүчөсү бар "Жаш волонтерлор – таза жүрөктөрдүн дүйнөсү" коомдук бирикмеси түн-күн, кыш-жаз дебестен, болгон аракет менен бул изги максаттарын ишке ашырып келатышат. Бирикме айланадагы зыяндуу химиялык жана башка калдыктарды чогултуп, жан-жаныбардын жашаган жерин тазалоого багытталган ар кандай иш-чараларды уюштурат. Айрыкча, бирикме карыы жана майып адамдардын үйлөрүн тазалап, муктаж болгон адамдарды кийим-кече менен камсыздоо үчүн кампанияларды уюштурат.

**"Адамдарга жана табиятка пайда келтирүүдөн артык нерсе жок"**

Бирикмесин түзгөн учурда Алина болгону 5-класста окучу экен. Азыр мектепте жогорку класста окуп жатат. Волонтерлуктан сырткары жеке инсандык өнүгүүсүнө да маани берген Алина үч музыкалык аспапта ойнойт. Бирикмедеги мүчөлөрдүн баары өз каалоосу менен иштешет дейт ал. "Мен үчүн адамдарга жана табиятка пайда келтирүүдөн артык нерсе жок. Жасаган ишибиз чындыгында биз сыяктуу жаш балдар үчүн жеңил эмес. Бирок кандай кыйынчылык болбосун, баарына чыдап иштеп жатабыз",- деди Алина.

Бирикме үстүбүздөгү жылдын январь айында Кордайда ыргытылган батареяларды чогултуу кампаниясын жүргүзгөн. Бул тууралуу Алина буларды айтып берди: "Жакшы жана пайдалуу иштерди жасоо чындыгында олуттуулукту талап кылат. Биз дагы таштанды болуп, жер-суунун баарын булганган иштелген батареяларды чогултуу кампаниясын жүргүзүп, жан-жаныбарлар үчүн өтө маанилүү ишти аткардык десек болот. Январь айында -30 градус суукка карабастан, биз жер-суунун баарын ташталган батареялардан тазалап чыктык. Бир да бала жалкоолонуп, ишти таштап кеткен жок. Бул калдыктардан айлананы тазалап, бак-даракты арасын сергитип, чымчык-куш, кирпи, курт-кумурска үчүн таза аймак түзүп бердик. Муну менен элдин табиятка карата мамилесин өзгөртө алдык десем болот. Бул кампаниянын алкагында өзүбүз жашаган аймактагы мектептерде жана дүкөндөрдө таштанды чакалары да коюлду. Эми эл таштандыларын ошол чакаларга таштай баштašты".

**"Балдарымдын ишине сыймыктанып, колумдун келишинче колдоп турам"**

Бирикмеге мүчө болгон 11 жаштагы Айганыш менен 12 жаштагы Мараттын апасы Алия Маматова балдарынын жасаган ишине ыраазы. "Балдарыбыз түзгөн бул бирикме абдан пайдалуу иштерди аткарып келет. Колунан келген пайдалуу ишти жасоого аракет кылышат. Булар басса-турса, бирөөгө жардам бергенди өнөкөткө айландырып алышты. Жолдун аркы өйүзүнө өтө албай турган карыны көрүп калышса, сөзсүз аны жетелеп өткөрүшөт, көчөдө калган бала мышыкты таап алышса, сөзсүз анын да курсагын тойгузушат. Бул бирикме жардамга дайыма даяр турган жүрөгү кенен жаштардан түзүлгөн. Мен бул иштин артынан түшкөн балдарымды ар дайым колдоп турам", - дейт.



А. Маматова өз ыктыяры менен жасалган иштердин дем-күчкө (мотивацияга) муктаж экендигин айтып:

"Волонтерлор айрыкча, өзгөчө жардамга муктаж адамдар менен жакшы мамиле түзүшү керек болот. Учурда жаштар алар менен эң сонун мамиле түзө алышты. Волонтерлук иш өтө кыйын. Себеби мындай иш-чараларды уюштурууда көп адамдар менен сүйлөшүп, маселе чечүүгө туура келет. Чоң энергияны, эмгекти, мотивацияны талап кылган иш-чаралардан кийин ыраазы болгон адамдарды, таза табиятты көрүп, балдардын иши текке кеткен жок дейм", - деди.

**Муктаждарга кийим-кече жыйнап да беришет**

Элден чогултуп алган кийим-кечени "Жаш волонтерлор – таза жүрөктөрдүн дүйнөсү" коомдук бирикмеси ар жума муктаж адамдарга таратат. Бул иш-чара тууралуу бирикменин мүчөсү, 9-класстын окуучусу Алим Бекбатыров: "Муктаж адамдарга берүү үчүн топтолгон кийим-кечелерди колубуздан келишинче оңдоп-түзөп тазалап, аларга таратабыз. Кыштын суук күндөрүндө муктаж адамдар ушул кийимдерди кийип суукtан чыгышат",- деди.

Бирикме 2019-жылдын февраль айында өткөрүлгөн чылымга каршы кампаниясынын алкагында Кордайда жашаган жергиликтүү калкка чыгымдын зыяндуулугу тууралуу түшүндүрүү иштерин жүргүзүшкөн. Сак саламатта жашоого үндөө максатында өткөрүлгөн кампаниянын алкагында чылым чеккен адамдарга чылымдын зыяндуулугу тууралуу маалыматтарды беришкен.

Коомдук бирикменин жаңы пландары тууралуу бирикменин лидери Алина Сатылганова төмөнкүлөргө токтолду: "Алдыда кыш келе жатат. Кыштын суук күндөрүндө үйү жок адамдарга жылуу тамак таратууну пландап жатабыз. Кышында жардам берүүнү каалаган адамдардан чогултулган материалдык жардамды муктаж болгон адамдарга таратуу иштери дагы күчөйт. Айлана-чөйрөдөгү таштанды калдыктарды чогултуу үчүн аткара турган иш-чараларыбызды дагы да уланта бермекчибиз".

**КАБАР:**
**НИСА ЮССЕНАЛИЕВА**

# Келбетти өзгөртүү менен өзүн өзгөрткүсү келгендер

*Мурдагы замандарда кандайдыр бир күтүлбөгөн кырсык аркылуу денедеги пайда болгон деформацияларды оңдоо, өзгөртүү максатында жасалган пластикалык операциялар азыркы учурда популярдуу маданияттын бир түрү катары карала баштады. «Идеалдуу адам» болуу үчүн жыл өткөн сайын плактикалык операция жасаган врачтардын эшигин каккылаган адамдардын саны көбөйсө көбөйдү, бирок азайган жок. Медицинанын бул тармагына учурда актер, актрисалар сыяктуу сахна адамдары гана эмес, катардагы эле адамдар да кайрылышууда. Азыркы күндө плактикалык операция денедеги кемчиликтерди жоюу үчүн эле эмес, а адамдардын бүтүндөй турмушуна оң же терс таасир тийгизгенин көрүүгө болот.*

Пластикалык операциянын тарыхына кайрыла турган болсок, ал эң алгач Индия менен Египетте ишке ашырылган. Азыркы учурда бул тармак боюнча лидер Түштүк Корея. Анткен менен мындай операция дүйнөнүн бардык эле мамлекеттеринде жасалат. Пластикалык операцияга талап жогору болгон өлкөлөрдүн бири – Кыргызстан. Акыркы мезгилдерде сулуулук үчүн операциялык столго жаткан кыргыздардын саны күндөн-күнгө артууда.

### «Курбумду көрүп, мен дагы операция жасаттым»

10 жылдан бери Кыргызстанда сулуулук борборун иштеткен доктор Айнура Сагынбаева жеке клиникасына кайрылгандардын саны улам артып жатканын жана Кыргызстанда эң көп жасалган пластикалык операция түрүнүн көздүн сурмасын чыгаруу экендигин айтат. Бишкектеги лицейлердин биринде мугалим болуп эмгектенген Чынара Жусуева дагы көзүнө сурма салдыруу үчүн пластикалык операция жасаткан. 53 жаштагы Ч. Жусуева бүтүйгөн көздөрүн жактырбай, операцияга бел байлайт. Ч. Жусуева: «Биз аялзаты дайыма сулуу болгубуз келет. Убакыт өткөн сайын жүзүбүзгө бырыш түшөт. Мурда пластикалык операция жасатуу оюма да келген эмес. Бир күнү курбум көзүнө сурма жасатып алганын көрдүм. Сонун болуп калыптыр. Аны көрүп мен да жасатсамбы деп калдым. Досума операция жасаган хирургга бардым. Корко тургандай эч нерсе жок экен. Азыр өзүмдүн келбетим өзүмө жагат», - дейт.

### «Сулуу болуу мен үчүн баарынан маанилүү»

Кимдир бирөө пластикалык операция жасатканында эч кандай кине көрбөсө, кимдир бирөө муну кудум сыр сыяктуу сактайт. 22 жаштагы Гүлнур аттуу кыз жаш болгонуна карабай, эки жолу операция столуна жаткан. Биринчисинде көзүнө сурма жасаткан, экинчисинде болсо эриндерин чоңойткон. Өзүнө болгон ишенимин сырткы сулуулук менен байланыштырган жаш кыз үчүн пластикалык операциядан башка жол жок болчу. «Мен үчүн сулуулук биринчи орунда турат. Мен көзүмдүн европалыктардыкындай болуусун кааладым. Кийин бул оюмду ата-энеме айттым. Алар каршы болгон жок. Операциядан кийин өзүмө болгон ишенимим дагы да артты. Мурда досторумдун арасында тартынып жүрчүмүн. Ал эми азыр баары өзгөрдү. Келбетиң сулуу болсо, өзүң да өзгөрө түшөт экенсиң», - дейт Гүлнур.

### Пластикалык операциядан кийин ден-соолугунан ажырап...

Пластикалык операциялар дайыма эле жакшы жыйынтык бере бербейт. Статистикалык маалыматтарга караганда, операция менен келбетин өзгөрткөндөрдүн 15%ы жыйынтыкка ыраазы болгон эмес. Кээде хирургдун катасынан улам, кээде башка бир себептерден улам пластикалык операция саламаттыкка зыян келтириши мүмкүн. Бир жыл мурда жасаткан операциядан кийин Гүлира Абдиева ден-соолугунан ажырап, депрессияга түшкөн. Ошто жашаган Абдиева курбусунун сунуштоосу менен көзүнө сурма салдыруу үчүн операция жасатат. Бирок операциядан кийин көзүндөгү шишик кетпей коет. Абдиева башынан өткөн окуяны мындайча баяндайт: «Доктор шишиктин бир канча жумадан кийин тарап кетээрин айткан. Бирок меники тараган жок. Шишик тарабаганы аз келгенсип, көздөрүмдөн суу ага баштады. Айтор, кыйналганымды сөз менен айтып жеткире албайм».

### Алдын ала узун кезекке тургандар...

Хирург Муса Матаев пластикалык операциянын зыяндуу экенин белгилейт: «Европада пластикалык операциялар абдан өнүгүп кеткен. Бирок ошентсе да мен бул операцияга каршымын. Адамдын оюна келбеген операциялар жасалууда. Операциянын зыянсыз экендиги тууралуу эч ким кепилдик бере албайт. Ошол учурда зыяны билинбесе да, убакыттын өтүшү менен ал байкала баштайт». Хирург айткандай, эгер келбет, дене мүчөдө эч кандай мүчүлүш болбосо, операция кылдыруунун кажети жок. Медиктердин пластикалык операция тууралуу терс пикирлерине, операциянын келтирген зыяндары тууралуу канча айтылса да, учурда операция үчүн узун кезекке жазылып, ал күнду сабырсыздык менен күткөндөр да жок эмес. Студент Гүлзина Айдаралиева тажрыйбалуу деп ишенген хирургга көптөн бери кезекте турат. «Мен алгачкы жолу пластикалык операция жасатам. Туугандарымдын жана досторумдун арасында пластикалык операция жасаткандар көп эле. Мен тандаган хирургга кезекке турган адамдар көп экен. Көзгө сурма салдыруу үчүн жасата турган операция үчүн кезекке бир жылдан кийинкиге жазылдым».

**КАБАР:**
**ФАРИДА КАЧЫБЕКОВА**





КАБАР:
ДИНАРА КУТТУБАЕВА

# Мотоциклчен саякатчы

**Хакан Эриштин жылдык эмгек өргүүсү катардагы эс алууга такыр окшобойт. Банкта IT-адиси катары эмгектенген Эриш эмгек өргүүсүндө мотоцикли менен Стамбулдан алыс жерлерге барып эс алат. Бул 28 жаштагы Эриштин бала кезинен берки кыялы экен.**





Эриш 14 жылдан бери мотоцикли менен саякат жасайт. Мунусунда ал Түркиядан Кыргызстанга чейин 7500 км жолдо мотоциклин айдап келген. Эми кайра артка кайтуу үчүн дагы ошончо аралыкты жүрүшү керек. Саякат учурунда кээде көчөдөгү эс алуучу отургучтарда, кээде болсо туш келген үйлөрдө жатууга туура келген. Эриштин бул адаттан тыш саякаты тууралуу укканда айрымдар аны кадырлап алдына түркүн тамак-аш коюп, конок-тошот да экен. Эриш өзү да түрдү элдин адамдарын алардын үйлөрүндө, дасторкон үстүндө таанып-билгиси келет. Анын оюу боюнча, саякаттын эң рахат учуру мына ушул учур.

**Тайкеден жээнге**

Эриш 21 жашында алгачкы жолу велосипед менен саякатка чыккан экен. Бул тууралуу ал өзү мыйндай дейт: "Алгачкы велосипедимди тайкем сатып берди. Тайкем Түркиянын бардык аймагын велосипед менен кыдырып чыккан. Кичине кезимден бери ага абдан суктанчумун. Стамбулга университетке өткөндө, ал мага белек катары велосипед сатып берди. Башында Стамбулдагы жол тыгындарында ыңгайлуу болгондуктан, велосипед менен жүрчүмүн. Кийинчерээк велосипед клубдарына катыша баштадым. Кээде тайкем менен, кээде клубдагы досторум менен велосипед менен Түркиянын 75ке жакын шаарын кыдырып чыктым".

**Чыгыштан башталган дүйнөлүк тур...**

Эриш эки жыл бою велосипеди менен Түркиянын бардык жерлерин кыдырып чыгып, андан кийин чет өлкөлөргө тактап айтканда, Кипрге жана Дубайга саякаттайт. Бирок максаты дүйнөлүк турга чыгуу болгондуктан, Эришке бир канча убакыт өткөндөн кийин, велосипед менен кыдыруу оор боло баштайт. Ошондуктан 2015-жылы балалыгындагы кыялы болгон мотоциклди сатып алат. Чындыгында дүйнөлүк тур дегенде алгач эле оюбузга Европа өлкөлөрү келет эмеспи. Бирок анын туру бул стандартка сыйбайт. Башында турун кыска аралыктагы Греция сыяктуу өлкөлөрдөн баштайт. 4500 км болгон Греция турун 11 күндө бүтүрөт. Андан кийин 2 ай бою алгачкы узак аралыктагы турдун планын түзөт жана 9-августта иштен кийин жолго чыгат. Стамбулдан баштаган турда Грузия, Орусия, Казахстан, Өзбекстан жана Кыргызстанга чейин келет. Бул турду тандаганынын себебин алөзү төмөнкүчө түшүндүрөт: "Бул жерлер түрк тилдүү элдердин жашаган жерлери. Мен чындыгында аларды көрүүгө куштар болгонум үчүн келдим. Өзбекстандагы Саманканд, Бухара. Ал жердеги тарыхый жерлерди абдан көргүм келчү".

**«Конок сыяктуу тосуп алышты»**

Эриш саякаттоо менен бирге дүйнөнү таанып билүүнү, жаңы адамдар менен таанышууну жана жаңы даамдарды татып көрүүнү жакшы көрөт. Анын бул кызыгуусу аркылуу барган жеринде бири-бирине окшобогон сезимдерди башынан өткөргөнүн айтат: "Бул дүйнөгө жалаң гана иштөө үчүн келген эмеспиз да. Колумдан келишинче көп жерди көргөнгө аракет кылам. Жаңы тажрыйба топтойм. Бул аймактардан чоң тажрыйба алдым, мени бул жердегилер абдан жакшы күтүп алышты. Негизинен адамдар абдан жылуу мамиле кылышат экен. Өзбекстанда сүрөткө түшүүнү каалашам, кичинекей балдар дароо эле жаныма жетип келишет, мени менен чогуу сүрөткө түшүүнү каалашат. Баары эмнеге муктажсың, бул түнү каякта түнөйсүң, кел биз менен кал деп жардам берүүгө ашыгышат. Конок сыяктуу тосуп алышты десем жаңылышпайм. Табияты да абдан кооз. Кыргызстанга киргенде эле жапжашыл табият мага кучагын ачты. Бардык жер кудум эле картина сыяктуу. Табияты, көлдөрү, капчыгайлары, шаркыратмалары, айтор, азыр эсиме келбеген канчалаган кооз жерлери бизге кудум эле визуалдык майрам тартуулап жаткандай. Айрыкча, жайлоолордогу кең пейилдүү адамдардын мотоциклге болгон кызыгуулары, чын ыкластуулугу жана меймандостугу эсимден көпкө кетпейт болуш керек".

**"Манас" университетин көрүп таң калдым"**

Мындай узун саякатта кайсы өлкөгө кандай барыш керек экендиги, кайсы жерде түнөй тургандыгы негизи алдын-ала пландалат. Бишкекке болгон саякатында мындай план жасабагандыгы саякатчынын "Манас" университетине келүүсүнө себепкер болот. Эриш бул темада "Негизи жолго даярданып чыгам. Кайсы жерде эмне кылышымды алдын-ала тактап алам. Бирок Бишкекке келгенде кайсы жерде кала тургандыгым тууралуу ойлонбоптурмун. Стамбулда кыргыз досум бар болчу. Ага телефон чалдым. Агасынын дарегин берди. Ал сага жардам берет деди. Бишкекке келгенде анын агасы менен жолуктум. Мени түз эле "Манас" университетине алып келди. Университетти көргөндө чындыгында таң калдым. Түрктөр менен кыргыздар бирге иштешет экен. Кудум эле үй-бүлө сыяктуу болуп калышыптыр. Мен үчүн абдан жагымдуу болду".

**"Эң негизгиси – кыялымдагыны орундасам..."**

Эриш саякат учурунда кудум кинодогудай учурларга да туш болот. Нукуста чөлдө калып, коопсуу жагдайга учураган. Ал убакты саякатчы төмөнкүдөй эскерет: "Бир күнү чөлдөн өтүп бара жатканымда мотоциклимдин бензини түгөнүп калды. Эмне кылышымды билбестен чөлдүн ортосунда узак убакытка отурдум. 8 сааттык күтүүдөн кийин бир унаанын өтүп баратканын көрдүм. Чөлдө мираж көргөндөй эле болдум. Ал машинедегилер мага жардам беришти. Чындыгында ал унаа ал жерден өтпөшү деле мүмкүн болчу. Албетте, мен мындай окуялар башыма келишин билип туруп жолго чыгам. Велосипед турунда да бир жолу мечитте түнөдүм. Батумга барганымда бир досумдун таанышы бар болчу, ал мени күтүп алышы керек болчу. Бирок андай болбоду. Бир аз кеч калдым жана ошол себептүү аялдамада уктаганга туура келди. Мен үчүн кайсы жерде түнөшүмдүн мааниси жок болчу. Маанилүү болгон кыялымды ишке ашыруу болчу".

**Мотоцикл мугалими болот**

Азыртадан эле Эриштин эки жылдан кийин эмне иш кылаары белгилүү. Жалгыз башына мотоцикл менен саякат кылуусу үчүн көп убактысы бар. Андан кийин каякка бара тургандыгын тактайт. Бул турду бүтүргөндөн кийин, кийинки эмгек өргүүсүндө алгачкы бара турган жери ушул убакытка чейин эч барбаган Монголия болмокчу. Кыдырып-көрүү менен андан да дилгирленген Эриш ишин таштап, өзү каалаган ушул ишти улантууну да кээде ойлойт. Бир аз акча чогултуп, кийинчерээк мотоцикл мугалими болууну самайт.

**"Азыр бир кыялыма жетер менен, экинчи бар кыялга батам"**

"Мен бала кезимде абдан кыялкеч болчумун. Чоңойгонумда ого бетер көп кыялданчу болдум. Азыр бир кыялыма жетер менен, экинчибир кыялга батып, ага умтула баштайм. Кыялдануудан эч качан баш тартпадым. Ошентип жолду, саякатты жана кыскачасы биздин колубузда болбогон, бизге баш ийбеген дүйнөдө аракет кылууну, башкача айтканда, жашаганды үйрөнөм".



# Тукуму курут болуу коркунучунда турган жаныбарлар

КАБАР: АЗИМ ТОКТОБЕКОВ

***Дүйнөдө жашаган миң түрлүү жаныбарлардын кээ бири экосистеманын бузулушунун жана адамдардын жаратылышка тийгизген оор залакасынын айынан жок болуп кетүү коркунучуна кептелүүдө. Мындай кооптуу кырдаалга тиешелүү уюм-мекемелер чечкиндүү чараны ыкчам көрбөсө, алардын бир даары таптакыр тукум курут болуп, азыр биз сүрөттөрдөн гана көрө алган айрым байыркы жаныбарлардай эле изи сууп кетиши толук ыктымал.***

*Учурда тоолуу Кыргызстанда да айрым жапайы жаныбарлардын саны да барган сайын азайып, жок болуп кетүү коркунучуна кептелүүдө. Тукум курут коркунучунда турган кыргыз жергесиндеги жаныбарларга бүгүнкү күндө Тянь-Шань күрөң аюусу, бүркүт, ак илбирс, мадыл, кара кур жана бугу сыяктуу жаныбарлар кирет.*



## Тянь-Шань күрөң аюусу

Күрөң аюуларынын бир түрү болгон Тянь-Шань аюусу Хан-Теңир тоолорунун этегинде жашайт. Аюунун башка түрлөрүнө салыштырмалуу Тянь-Шань күрөң аюусу чаканыраак келет да, эт менен дагы, чөп менен дагы азыктана берет. Тянь-Шань күрөң аюусу узун тырмактары менен айырмаланып турат. Бул аюулар табигый жашоо шартында 30 жылга чейин өмүр сүрүшөт.

Бул аюулардын санынын көбөйүшү да өтө кыйын. Тянь-Шань күрөң аюусу төрт жылда бир гана жолу төлдөйт. Анысы аз келгенсип, мамалактарынын жарымы гана өлбөй жашап кете алышат. Ошондуктан, КР Мамлекеттик статистика комитетинин маалыматында 2018-жылы Кыргызстанда болгону 162 Тянь-Шань күрөң аюусу калды деп берилгени ойлондурбай койбойт. Демек, күрөң аюулар тукум курут коркунучунда турган жаныбарлар. Алардын кескин түрдө азайып баратканына мыйзамсыз аңчылык да себеп болууда. Тянь-Шань күрөң аюуларын сактап калуу максатында, аны өлтүргөндөргө бир миллион сом өлчөмүндө айып пул салуу мыйзамда каралган.



## Бүркүт: аңчы канаттуулардын бараандуусу

Куштун парынан жасалган жаздыктар ар бир үйдө болору бышык. Ооба, адам баласы таттуу уйкуда көшүлүп укташы үчүн сейрек кездешчү канаттуулардын пары бааланып келерин билебиз. Алардын сап башында бүркүттөр да бар. Тилекке каршы, бүгүнкү күндө бийик аска чокуларына же бийик дарактардын башына гана уя салган бүркүттөр да жок болуп бараткан канаттуулардын бири.

КРдын Айлана-чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигинин маалыматына караганда, 2017-жылы Кыргызстанда 436 бүркүт бар экендиги катталган.



## Ак илбирс: аска-зоолордун падышасы

Ак илбирс же болбосо ак барс деп аталган жапайы жаныбарлар жайыттарда, калың капчыгайларда 2000-[illegible]000 метрдик бийик жерлерде жашашат. Бул жаныбарлардын тулку бою ийкемдүү, туяктары кыска келип, куйругу узун болот. Илбирстердин терисинде боз тоголокчо тактары бар.

Ак илбирстердин баалуу териси үчүн аларга аң уулагандар да арбын. Ушундан улам Кыргызстанда буга чейин саны көп болгон ак илбирстер күндөн-күнгө азайып баратат. КРдын Айлана-чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигинин 2017-жылкы маалыматы боюнча биздин өлкөдө болгону 500дөй гана ак илбирс калган.



## Мадыл мышыгы: жалгыз рыцарь

"Паллас мышыгы" деген аты менен белгилүү болгон сейрек кездешкен мадыл мышыгы үй мышыктарына окшош келет. Анын үй мышыгынан айырмалаган негизги өзгөчөлүгү – жоон буттарынын кыскалыгы жана тери түгүнүн жыштыгы. Мадыл мышыгынын негизги азыгын кемирүүчүлөр, курт-кумурскалар, кекиликтер жана башка канаттуулар түзөт.

Бул жаныбарлар көбүнчө жалгыз жашашкандыктан, аларды жалгыз рыцарь деп да коюшат. Бир гана төлдөө мезгилинде мадылдардын эркектери менен ургачылары кыска мөөнөт ичинде бирге болушат. Ургаачы мадылдар 2-4 жылда бир жолу тукум беришет. Кыштын өтө суук күндөрүндө сууктан, ошондой эле аңчылыктын азабынан мадылдардын да саны күндөн-күнгө азайып баратат. КРдын Айлана-чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттигинин маалыматында 2017-жылы Кыргызстанда 20 мадыл гана калганы айтылат.



## Кара кур: алтын короз

Кара кур – тумшугу кыска, кара жалтырак түгү бар канаттуу. Кыргызстанда кара курлар Чоң Кемин жана Ысык-Көлдүн карагайлуу токойлорунда жашашат.

Кара курлардын баалуу түктөрү үчүн аларга да аң уулагандар көп. Айрыкча, өндүрүштүн кесепети, малчылардын жайыт которушу, альпинизм, лыжа тебүү жана жапайы мөмө-жемиш терүү сыяктуу иш-аракеттердин таасиринен бул канаттуулардын да санынын азайып баратат. КР Мамлекеттик Статистика комитетинин маалыматы боюнча, учурда кара курлардын саны 180 ди түзөт.

## Бугу: ыйык жаныбар

Бугунун кыргыз мифологиясында чоң орду бар. Кереметтүү келбети бар маралдар мифологиялык түшүнктө ыйык жаныбарлар болуп эсептелинет.

Карагайлуу токойлордо жашашкан бугу-маралдардын орточо жашы 20 жылды түзөт. Бул жаныбарлардын өзгөчөлүгү денелери чымыр, булчуңдуу келет. Жапайы табиятта маралдар карышкырлардын жеми болгону менен, алардын санынын азаюусуна көбүнесе мыйзамсыз мергенчилик себеп болуп келет. XIX кылымда маралдар Кыргызстандын бардык аймактарында кездешчү. Бүгүнкү күндө, тилекке каршы, алар тукум курут коркунучунда турат. КР Мамлекеттик статистика комитетинин маалыматы боюнча, 2018-жылы маралдардын саны 54кө чейин төмөндөгөн. Азыркы учурда бул жаныбарлар адам бара алгыс атайын корголуучу жайларда жашашат.

# Айыл чарба факультетинин профессору мамлекеттик сыйлыкка татыды

**Эгемендүүлүк күнүнө карата КРнын Президенти Сооронбай Жээнбековдун 29-август 2019-жылдагы жарлыгы менен Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин (КТМУ) Айыл чарба факультетинин өсүмдүктөрдү коргоо кафедрасынын башчысы, профессор Тинатин Дөөлөткелдиевага "Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер" деген мамлекеттик сыйлык ыйгарылды.**




Ардактуу сыйлык профессор Т. Дөөлөткелдиевага анын Кыргызстандын социалдык-экономикалык, рухани жана интеллектуалдык потенциалын өнүктүрүүгө кошкон өзгөчө салымы үчүн берилди.

КТМУда 3-сентябрь күнү өткөрүлгөн 2019-2020-окуу жылынын алгачкы окумуштуулар кеңешинин жыйынында университеттин ректору, профессор Себахаттин Балжы, биринчи проректор, профессор Асылбек Кулмырзаев жана жалпы окуу жайдын жамааты сыйлык ээсин куттукташты.

Белгилей кетсек, профессор Тинатин Дөөлөткелдиева айыл чарба тармагына жаңылык киргизген 250 эмгеги жана 10 го чукул автордук патенти менен таанылган окумуштуу.

# Казакстандан сыйлык алган тасма

**Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин коммуникация факультети «Эл аралык Байканур кыска метраждуу тасма» конкурсунда сыйлыкка ээ болду.**




2019-жылынын 4-8-сентябрында Казахстандын Алматы шаарында IV Эл аралык Байканур кыска метраждуу тасма конкурсу өткөрүлдү. Конкурста окуу жайыбыздын коммуникация факультетинин бүтүрүүчүсү Караш Жанышовдун «Кош бол» аттуу тасмасы «Эң мыкты кыска метраждуу тасма» категориясында жеңүүчү болду.

Мындан сырткары, «Кош бол» тасмасында ойногон актерлор Даниель Курманалиев менен Саламат Нурмамбетовго «Эң мыкты эркек актеру» сыйлыктары ыйгарылды.

# КТМУда Маданий мурас жана туризм конгресси өткөрүлдү

**17-19-сентябрь күндөрү Селчук университети менен Кыргыз-Түрк «Манас» университети биргеликте III Эл аралык Маданий мурас жана туризм конгрессин өткөрүштү. Илимий конгресс Түрк дүйнөсүнүн залкар жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун жаркын элесине арналып, анда 70тен ашуун баяндама жасалып, туризм тармагына байланыштуу изилдөөлөргө арналган семинар жана отурумдар өттү.**

Кыргызстандын туризм тармагынын потенциалы, келечеги жана Түркия менен болгон байланышы тууралуу өткөрүлгөн илимий-практикалык конференцияда туризм жана маданий долбоорлордун Түркистанга байланыштуу болушу, Жибек Жолунун долбоорлордо бааланусу, таанытуу жана маданий мурастарга маани берилүү зарылчылыгы айтылды.

Иш-чаранын жабылыш бөлүгүндө сөз сүйлөгөн КТМУнун ректору, профессор Себахаттин Балжы аталган конгресстин абдан натыйжалуу өткөнүн жана мындан ары колдоо көрсөтүүнү уланта берерин, КТМУнун Туризм жана мейманкана иштетүү жогорку мектебинин иш-чараларына Кыргызстандын туризм секторунун өкүлдөрүнүн катышкандыгын жана бул конгресске Түрк дүйнөсүнөн көп илимпоздор жана инвесторлор дагы катышса пайдалуу болоорун, Түрк дүйнөсүнүн бардык өкүлдөрүнүн катышкандыгын жана бул ынтымакты ушундай иштер менен гана улантуу керектигин баса белгиледи.



## "Күзгүдөн көрүнгөн ирмем"

Айгерим Акылбекова

Мерсин / Түркия



## "Бир бөлмө – үч өмүр"

Айпери менен күйөөсү өз аракеттери менен эки жыл бою курган жалгыз бөлмөлүү үйүндө бактылуу бир жашоону эңсеп жашап келишет.

Гүлнур Айдарбек кызы

Бишкек / Кыргызстан



## "Аккуу көлү"

Самара Мастанова

Бишкек / Кыргызстан



• КТМУнун атынан гезит ээси
Ректор, проф. док. Себахаттин Балжы
Биринчи проректор, проф. док. Асылбек Кулмырзаев

• Башкы редактор
Проф. док. Хамза Чакыр

• Басма сөз координатору
Доц. док. Аслы Юрдигул

• Жооптуу редактор
Улук окутуучу, док. Гүлзада Станалиева

• Котормочулар
Кенже илимий кызматкер док. Топчугул Нарматова
Кенже илимий кызматкер док. Венера Наринова

• Редакторлор
Кенже илимий кызматкер Бану Эрдоган Чакар
Кенже илимий кызматкер Зеки Окйай

• Дизайнер
Равшан Абдуллаев

• Дареги
КТМУ Коммуникация факультети, Жал студенттик кампусу, Бишкек
Тел: +996 312 492756/1164